**Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттануларын карoo боюнча Жумушчу топ**

2018-жылдын 27-августу

**Бишкек АШКнын 2018-жылдын 26-июлундагы "Тил боюнча комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө" чечимин мыйзамсыз деп табуу тууралуу К. Мамыркулованын арызы жөнүндө**

2018-жылдын 22-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары-БШК) Мамыркулова Канышай Асанбековна (мындан ары-арыз ээси) арыз менен кайрылган.

Өз арызында арыз ээси, 2018-жылдын 28-июлунда Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкерлердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо максатында Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы (мындан ары-АШК) тарабынан Тил боюнча комиссия түзүлгөндүгүн көрсөтөт.

Арыз ээси "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы № 430 токтомуна ылайык, баалоо "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы аркылуу жүргүзүлөт" деп белгилейт.

2018-жылдын 17-августунда арыз ээси Бишкек шаарынын райондор аралык сотко Бишкек АШКнын 2018-жылдын 26-июлундагы "Тил боюнча комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө" чечимин мыйзамсыз деп табуу тууралуу кайрылган. 2018-жылдын 17-августунда Бишкек шаарынын райондор аралык соттун аныктамасы менен арызды административдик сот өндүрүшү тартибинде кабыл алуудан баш тартылган. Бишкек шаарынын райондор аралык соттун аныктамасында КР Административдик-процессуалдык кодексинин 201-беренесинин 3-пунктуна ылайык участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери тиешелүү даттанууларды жогору турган шайлоо комиссиялары карагандан кийин гана сотко даттанылат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) түздөн-түз сотко даттанылат деп белгиленген. Ошондуктан, КР Административдик-процессуалдык кодексинин 113-беренесине ылайык Бишкек АШКнын чечимине даттаанунун сотко чейинки тартиби сакталбагандыктан, доо административдик сот өндүрүшү тартибинде каралууга жатпайт.

Өз арызында К. Мамыркулова төмөнкүлөрдү суранат:

1. Бишкек АШКнын 2018-жылдын 26-июлундагы "Тил боюнча комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө" чечимин мыйзамсыз деп табууну;

2. Шаардын мэринин кызмат ордуна талапкердин мамлекеттик тилди эркин билүү жөнүндө Тил боюнча комиссиянын жыйынтыгын жокко чыгарууну;

3. Бишкек шаарынын мэрин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы №430 токтомуна ылайык "Кыргызтест" системасы аркылуу өтүүнү милдеттендирүү.

Арызды карап чыгып, Шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттануураын кароо боюнча Жумушчу тобу төмөнкүлөрдү белгилейт:

**1.** "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, Бишкек жана Ош шаарларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын түзүүнүн тартиби бул шаарлардын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын өзүнчө мыйзамдарында белгиленет. "Борбордун статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, жогорку билими жана мамлекеттик, муниципалдык кызматтарда же билим берүүнүн, саламаттык сактоонун мамлекеттик мекемелеринде же уюмдарда, мекемелерде жана жеке менчик чарба жүргүзүүчү субъекттерде жетекчи кызматтарда 5 жылдан кем эмес иш стажы бар, мамлекеттик тилди эркин билген Кыргыз Республикасынын жараны Бишкек шаарынын мэри боло алат.

КР БШКнын 2013-жылдын 26-декабрындагы № 192 токтому менен бекитилген "Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо боюнча Тил комиссиялары жөнүндө" жобого ылайык, Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкердин мамлекеттик тилди эркин билүүсүн аныктоо максатында , Бишкек АШК тарабынан Тил боюнча комиссия түзүлөт.

2018-жылдын 26-июлунда Бишкек АШКнын № 7/1 чечими менен Бишкек шаарынын мэрин шайлоо боюнча Тил боюнча комиссиясынын курамы бекитилген.

2018-жылдын 31-июлунда Бишкек АШКнын № 8/1 чечими менен Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкер А. Суракматовдун "Борбордун статусу жөнүндө" КР Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарына шайкештиги аныкталган.

2018-жылдын 31-июлунда Бишкек АШКнын чечими менен А. Суракматов Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкер болуп катталган.

2018-жылдын 8-августунда Бишкек шаарынын мэрин шайлоо болуп өттү. Бишкек АШКнын "Бишкек шаарынын мэрин шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө" 2018-жылдын 8-августундагы протоколу менен А. Суракматов Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын шайланган мэри болуп табылды.

13-августта КР БШКнын №158 токтому менен Бишкек АШКнын Бишкек шаарынын мэрин шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдору бекитилди. А. Суракматов Кыргыз Республикасынын Бишкек шаарынын шайланган мэри болуп табылды.

КР БШКнын 2016-жылдын 26-декабрындагы № 191 токтому менен бекитилген "Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо жөнүндө" жобосунун 45-пунктуна ылайык, добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо боюнча тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын аракеттерине даттануу, ошондой эле шаардын мэрин шайлоодогу добуш берүүнүн жыйынтыктарына жана шайлоонун натыйжаларына даттануу "Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамы жана шайлоо мыйзамдары менен аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

"Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 49-беренесинин 6,10-пункттарына ылайык, "шайлоо процесстин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссяларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат. Кабыл алынган чечимдерге арыздар (даттануулар) чечимдер кабыл алынган учурдан тартып 3 календардын күндүн ичинде берилет".

"Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 49-беренесинин 13-бөлүгүндө "арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт".

Ушундан улам, арыз ээсинин Бишкек АШКнын аракеттерине, чечимдерине мыйзамдарда белгиленген тартипте жана мөнөттөрдө КР БШКга даттануу укугу болгон.

Баяндалгандардын негизинде КР Жумушчу топ, арыз ээси тарабынан Бишкек АШКнын чечимине даттануу тартиби жана мөнөттөрү бузулгандыгын белгилейт.

**2.** Арыз ээси Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкерлер ыйгарым укуктуу орган тарабынан бериле турган тилди билүүнүн деңгээли тууралуу сертификатты КР БШКга тапшырышат деп белгилейт.

Мамлекеттик тилди билүүнүн деңгээли "Кыргызтест" системасы аркылуу аныкталат ("Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө жобону, Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы № 430 токтому) Арыз ээси ушундай эле

талаптар Бишкек шаарынын мэрине талапкерлерге болууга тийиш деп эсептейт.

КР БШК укук колдонуучу орган болуп эсептелгендигин эске алып, КР БШК өз ишинде шайлоонун конкреттүү түрлөрүн өткөрүү тартибин жөнгө салуучу мыйзамдарды жетекчиликке алат. Ошондуктан, Президентти шайлоону өткөрүү тартиби “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы менен жөнгө салынат. 2017-жылдын 5-июнунда №96 ушул Конституциялык мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилген, анда - «Кыргызтест» системасы аркылуу Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоонун жаңы тартиби камтылган.

“Борбордун статусу жөнүндө” КР Мыйзамында «Кыргызтест» системасы аркылуу тестирлөөдөн өтүү тууралуу талаптар жок.

**3.** Арыз ээсинин “Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкер мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоону ыйгарым укуктуу орган тарабынан “Кыргызтест” системасы аркылуу өтүүгө тийиш деген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы №430 токтомуна” шилтемесине Жумушчу топ төмөнкүлөрдү белгилейт.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныктала турган мамлекеттик кызматчылар өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн мамлекеттик тилди зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү.

КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы № 430 токтому менен төмөнкүлөр бекитилген:

1. "Кыргызтест" мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы жөнүндө” жобо;
2. “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө” жобо.

Өздөрүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн мамлекеттик тилди зарыл болгон көлөмдө билүүгө милдеттүү мамлекеттик кызматчылардын тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 757 токтому менен аныкталган. Ушул токтом менен төмөнкүлөр бекитилген: жогорку, башкы, улук жана кенже топтордогу административдик кызматтарды ээлеген мамлекеттик жарандык кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар мамлекеттик тилди төмөнкүдөй көлөмдөн жана деңгээлден кем эмес билүүгө милдеттүү: базалык деңгээлден (А2) - 2019-жылдан тартып; орто деңгээлден (В1) - 2020-жылдан тартып; ортодон жогору деңгээлден (В2) - 2021-жылдан тартып.

КР Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы ПЖ №17 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана

муниципалдык кызматтардын реестрине ылайык шаардын мэринин кызмат орду саясий муниципалдык кызматка кирет.

**Ушуга байланыштуу, Жумушчу топ Бишкек шаарынын мэринин кызмат ордуна талапкерликке А.Суракматовду каттоодо бардык жол-жоболор сакталды, Бишкек шаарынын мэрин шайлоону уюштуруу колдонуудагы мыйзамдарга ылайык өттү деп эсептейт.**

**Ушуну менен бирге Жумушчу топ Бишкек шаарынын мэрине мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоону «Кыргызтест» системасы аркылуу тестирлөө өтүү сунушун ылайыктуу деп эсептейт.**

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесин, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49-беренесин, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7,18-беренелерин, КР БШКнын 2016-жылдын 26-декабрындагы № 191 токтому менен бекитилген “Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо жөнүндө” жобосун, КР БШКнын 2013-жылдын 26-декабрындагы № 192 токтому менен бекитилген “Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо боюнча Тил комиссиялары жөнүндө” жобосун, КР БШКнын 2017-жылдын 7-июлундагы № 212 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө» жобосун жетекчиликке алып Кыргыз Республикасында Шайлоо жана референдум өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топ

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Мамыркулова Канышай Асанбековнанын талаптарын канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Бишкек шаарынын мэрине мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоону «Кыргызтест» системасы аркылуу тестирлөө өтүү сунушталсын.
3. Бул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын отурумуна чыгарылсын.

**Жумушчу топтуп жетекчиси** **А. Асаналиев**

**Решение Рабочей группы**
**по рассмотрению жалоб и заявлений избирателей и иных субъектов избирательного процесса**

27 августа 2018 года

**О заявлении Мамыркуловой К. А.**
**о признании незаконным решения Бишкекской ТИК «Об утверждении состава Комиссии по языку» от 26 июля 2018 года**

22 августа 2018 года в Центральную комиссию по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики (далее – ЦИК КР) с заявлением обратилась Мамыркулова Канышай Асанбековна (далее - заявитель).

В своем заявлении заявитель указывает, что 26 июля 2018 года в целях определения уровня владения государственным языком кандидатов на должность мэра города Бишкек, решением Бишкекской территориальной избирательной комиссией (далее – Бишкекская ТИК) была образована Комиссия по языку.

Заявитель отмечает, что «в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 13 июля 2017 года № 430, оценка проводится системой определения уровня владения государственным языком «Кыргызтест».

17 августа 2018 года заявитель обратилась в Межрайонный суд г. Бишкек о признании незаконным решения Бишкекской ТИК «Об утверждении состава Комиссии по языку» от 26 июля 2018 года. 17 августа 2018 года определением Межрайонного суда города Бишкек в принятии заявления в порядке административного судопроизводства отказано. В определении Межрайонного суда г. Бишкек отмечено, что в соответствии с пунктом 3 статьи 201 Административно-процессуального Кодекса КР «решения участковых и территориальных избирательных комиссий обжалуются в суде только после рассмотрения соответствующих жалоб вышестоящими избирательными комиссиями. Решения и (или) действия (бездействие) Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики обжалуются непосредственно в суде». Таким образом, в соответствии со статьей 113 Административно-процессуального Кодекса КР, иск не подлежит рассмотрению в порядке административного судопроизводства, поскольку не соблюден досудебный порядок обжалования решения Бишкекской ТИК.

В своем заявлении Мамыркулова К. А. просит:

1. «признать незаконным решение Бишкекской территориальной избирательной комиссией «Об утверждении состава комиссии по языку» от 26 июля 2018 года;

2. отменить решение Комиссии по языку о свободном владении кандидатом на должность мэра города государственным языком;

3. обязать мэра города Бишкек пройти оценку уровня знания государственного языка по системе «Кыргызтест», в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики от 13 июля 2017 года № 430».

Рассмотрев заявление, Рабочая группа по рассмотрению жалоб и заявлений избирателей и иных субъектов избирательного процесса, в рамках компетенции ЦИК КР, отмечает следующее.

**1.** В соответствии с частью 2 статьи 1 Закона КР «О местном самоуправлении», «*особенности организации местного самоуправления,* ***порядок формирования органов местного самоуправления в городах Бишкек и Ош устанавливаются отдельными законами Кыргызской Республики о статусе этих городов».***

Согласно статье 22 Закона Кыргызской Республики «О статусе столицы», *«мэром города Бишкек может быть гражданин Кыргызской Республики, имеющий высшее образование и стаж работы на государственной, муниципальной службе или в государственных учреждениях образования, здравоохранения или на руководящих должностях в организациях, учреждениях и частных хозяйствующих субъектах не менее 5 лет,* ***свободно владеющий государственным языком».***

В соответствии с Положением «О Комиссиях по языку по выборам мэров городов Бишкек и Ош», утвержденным постановлением ЦИК КР от 26 декабря 2013 года N 192, в целях установления свободного владения государственным языком кандидатом на должность мэра г. Бишкек Бишкекской ТИК образуется Комиссия по языку.

26 июля 2018 года решением Бишкекской ТИК № 7/1 утвержден состав Комиссии по языку по выборам мэра города Бишкек.

31 июля 2018 года решением Бишкекской ТИК № 8/1 установлено соответствие кандидата на должность мэра города Бишкек Суракматова А. Э. требованиям статьи 22 Закона КР «О статусе столицы».

31 июля 2018 года решением Бишкекской ТИК Суракматов А. Э. зарегистрирован кандидатом на должность мэра г. Бишкек.

8 августа 2018 года состоялись выборы мэра города Бишкек. Протоколом Бишкекской ТИК «Об итогах голосования и результатах выборов мэра города Бишкек» от 8 августа 2018 года Суракматов А. Э. признан избранным мэром города Бишкек Кыргызской Республики.

13 августа постановлением ЦИК КР № 158 утверждены протоколы Бишкекской ТИК об итогах голосования и результатах выборов мэра города Бишкек. Суракматов А. Э. признан избранным мэром города Бишкек Кыргызской Республики.

Рабочая группа отмечает что, в соответствии с пунктом 45 Положения «О выборах мэров городов Бишкек и Ош», утвержденного постановлением ЦИК КР от 26 декабря 2016 года № 191, *обжалование действий соответствующей территориальной избирательной комиссии по определению итогов голосования и результатов выборов, а также обжалование самих итогов голосования и результатов выборов мэра города проводится в порядке, установленном Законом "О выборах депутатов местных кенешей" и избирательным законодательством.*

Согласно пунктам 6, 10 статьи 49 Закона "О выборах депутатов местных кенешей": *«Решения и (или) действия (бездействие) территориальных избирательных комиссий, их должностных лиц, нарушающие избирательные права участников избирательного процесса, обжалуются в Центральную избирательную комиссию. Заявления (жалобы) на принятые решения подаются в течение 3 календарных дней с момента вынесения решений».*

Частью 13 статьи 49 Закона "О выборах депутатов местных кенешей" установлено, что «*сроки подачи заявлений (жалоб)* ***восстановлению не подлежат.*** *По истечении указанных сроков заявления (жалобы) не принимаются».*

Таким образом, у заявителя было право обжалования действий, решений Бишкекской ТИК в ЦИК КР в установленные законом порядке и сроки.

На основании изложенного, рабочая группа отмечает о нарушении заявителем сроков и порядка обжалования решения Бишкекской ТИК.

**2.** Заявитель отмечает, что кандидаты в Президенты Кыргызской Республики представляют в ЦИК КР сертификат об уровне владения государственным языком, который выдается уполномоченным государственным органом. Уровень владения государственным языком определяется системой Кыргызтест (постановление Правительства КР от 13 июля 2017 года N 430 "Об утверждении Положения о системе определения уровня владения государственным языком "Кыргызтест" и Положения об уровнях и объеме обязательного владения государственным языком для лиц, претендующих и занимающих государственные и муниципальные должности"). Заявитель считает, что такие же требования должны быть к кандидатам в мэры города Бишкек.

Принимая во внимание, что ЦИК КР является правоприменительным органом, рабочая группа, отмечает, что ЦИК КР в своей деятельности руководствуется законами, регулирующими порядок проведения конкретных видов выборов. Так, порядок проведения выборов Президента регулируется конституционным Законом «О выборах Президента КР и депутатов Жогорку Кенеша КР». 5 июня 2017 года № 96 внесены изменения в данный конституционный Закон, которые включают в себя новый порядок установления уровня владения государственным языком кандидатом в Президенты Кыргызской Республики - <u>через систему «Кыргызтест».</u>

В Законе КР «О статусе столицы» нет требований о прохождении тестирования по системе «Кыргызстест».

**3.** Относительно ссылки заявителя, на *«постановление Правительства КР от 13 июля 2017 года № 430, согласно которому кандидат в мэры города Бишкек должен пройти оценку уровня владения государственным языком уполномоченным государственным органом по системе «Кыргызстест»*, Рабочая группа отмечает следующее.

В соответствии со статьей 9 Закона КР «О государственном языке Кыргызской Республики»: *«Государственные служащие, **перечень которых определяется Правительством Кыргызской Республики**, обязаны знать государственный язык в объеме, необходимом для исполнения своих должностных обязанностей)».*

Постановлением Правительства КР от 13 июля 2017 года № 430 утверждены:

1. Положение о системе определения уровня владения государственным языком "Кыргызтест";

2. Положение об уровнях и объеме обязательного владения государственным языком для лиц, претендующих и занимающих государственные и муниципальные должности".

Перечень государственных служащих обязанных владеть государственным языком в объеме, необходимом для исполнения своих должностных обязанностей определен постановлением Правительства КР от 21 ноября 2017 года № 757. Данным постановлением установлено следующее: «*государственные гражданские служащие и муниципальные служащие, занимающие высшие, главные, старшие и младшие группы **административных должностей**, обязаны владеть государственным языком в объеме и на уровне не ниже: **базовый уровень (А2) - с 2019 года;** средний уровень (В1) - с 2020 года; уровень выше среднего (В2) - с 2021 года».*

В соответствии с Реестром государственных и муниципальных должностей Кыргызской Республики, утвержденным Указом Президента КР УП № 17 от 31 января 2017 года, *должность мэра города относится к - **политической муниципальной должности**.*

**В этой связи, Рабочая группа считает, что все процедуры при регистрации кандидатом в мэры города Бишкек Суракматова А. Э. соблюдены, организация выборов мэра города Бишкек состоялись в соответствии с действующим законодательством.**

**Вместе с тем, Рабочая группа считает целесообразным рекомендовать мэру г. Бишкек пройти оценку уровня владения государственным языком уполномоченным государственным органом по системе «Кыргызстест».**

На основании вышеизложенного, руководствуясь статьей 22 Закона Кыргызской Республики "О статусе столицы", статьей 49 Закона КР «»О выборах депутатов местных кенешей», статьями 7, 18 Закона Кыргызской

Республики "Об избирательных комиссиях по проведению выборов и референдумов Кыргызской Республики", «О выборах мэров городов Бишкек и Ош», утвержденного постановлением ЦИК КР от 26 декабря 2016 года № 191, Положением «О Комиссиях по языку по выборам мэров городов Бишкек и Ош» утвержденным постановлением ЦИК КР от 26 декабря 2013 года N 192, Рабочая группа по рассмотрению заявлений и жалоб избирателей и иных субъектов избирательного процесса при проведении выборов и референдумов в Кыргызской Республике

**РЕШИЛА:**

1. В удовлетворении требований Мамыркуловой Канышай Асанбековны - отказать.

2. Рекомендовать мэру города Бишкек Суракматову А. Э. пройти оценку уровня владения государственным языком по итогам тестирования по системе «Кыргызтест»

3. Вынести данное решение на заседание Центральной комиссии по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики.

**Руководитель Рабочей группы** **А. Асаналиев**